УДК 13:894.341 (04) М.Ж. ЖУМАГУЛОВ, К.САРИЕВА

# РОМАНДА ДООРДУН ДИНАМИКАСЫ МЕНЕН ИНСАН ТАГДЫРЫНЫН ДИАЛЕКТИКАСЫНЫН ЧАГЫЛЫЛЫШЫ

*Макалада Сооронбай Жусевдин «Раззаковдун тагдыры» романында доордун өзгөрүшү менен инсан тагдырынын тыгыз байланышынын чагылдырылышы ачылат.*

*В статье раскрывается отражение диалектики динамики эпохи и судьбы личности в романе Сооронбая Жусуева "Раззаковдун тагдыры".*

*In article reflection of the dialectical dynamics of the era and the fate of the person in the novel of Sooronbaj Jusuev " Razzakovdun tagdiri"*

Ыр менен жазылган роман адабият тарыхында саналуу гана. Мындай рухий сейрек мүлктү жаратууга акын аттуунун баары эле белсене бербейт. Кыргыз Республикасынын Баатыры С.Жусуевдин «Раззаковдун тагдыры»[i] романы ыр менен, баштан-аяк басыгынан жазбаган жоргонун жүрүшүндөй ыргак ыгынан жаңылбай жазылып бүткөнү биринчи таберик болсо, кыргыз элинин чолпон жылдыздай жарык жанган инсанынын өмүр тагдыры баяндалган тарыхый чыгарма болгону менен кун жеткис нукура табылга катары көңүлдү бурат. Чыгарманын баш каарманы кандай кайталангыс болсо, бул атына-заты, көтөргөн маанисине көркөмдүк шааниси төп келген роман ошондой эле кайталангыс.

Романдын өзөгү жеке инсан Ы.Разаковдун өмүр-чыгармачылык таржымалы болгон менен аны камтыган мейкиндик менен мезгил тутуму кеңири. Жеке тагдырдын бүткүл кыргыз элинин өткөнү жана соңку тарыхы менен өрүлүшкөн динамикасы, кыргыз жергесинин гана тургай СССР деген чоң өлкөнүн аймагын өз ичине алган масштабдуу геосаясий мейкиндикте тарых тастыктаган таанымал бараандардын (фигуралардын) өмүр жолдору менен байланышта каралып, алардын катарында өчпөс ордун тапканын даңазалайт. Баш каармандын өмүр жолу ошондой мейкиндик менен мезгил айкалышында эл тагдыры менен эриш-аркак болгону үчүн, анын өнүгүшүнө өзүнүн оң таасирин калтырганы үчүн мартабалуу да, ниетинде адамдарга, элине жакшылык каалаганы, адеп-ахлактын ак жолунда жүрүп, абийирдүү ак кызмат өтөп, өмүр сүргөнү менен адамгерчиликтин үлгүсү, б.а. кыргыз дүйнөсүндөгү асыл-нарктын бир ченеми.

Тарыхый инсанды тарыхый мезгил, тарыхый шарт жаратат. Романда жеке адамдан улуу инсандын жаралышы ал жашаган социалдык чөйрө, саясий абал, убакыттагы улуу бурулуштар, орчун окуялар, б.а., тарыхый жагдай менен шартталаары көзөмөлгө алынган. Автор Ысактын *(каармандын аты, жер аттары романда кандай жазылса, ошондой алдык К.С.)* Коросондо оор жагдайдагы балалыгы, жетимчиликте көргөн азап-тозогу аркылуу бир эсе ошол учурдагы жалпы эле калктын

жашоо-тирдигин, абалын сүрөттөсө, экинчи жактан бул катаал шарт анын тирикарак, адамдарга аяр карап, сезимтал өсүшүнө, эрте жетилишине өбөлгө болгондугун көрсөткөн. Теренде Совет бийлигинин орношу жетим-жесирлердин жетилишинде, жергиликтүү калктын сабатын ачып, илим-билимге жетүүсүндө кандай оң таасир эткенин, ал аркылуу бүткүл Борбор Азия элдеринин таарыхында социализм кандай позитивдүү роль ойногонун образдуу, көркөм баяндаган.

Жогоруда белгилегендей, баш каарман Ысактын инсан болуп жетилишинде, калыптанышында жетимдер үйүндө алган мектептик билим, андагы Хадича апа сыяктуу мээримдүү педагог тарбиячылардын таалим-тарбиясы баш каармандагы гумандуулуктун негизин түптөгөн. Ал курчап турган чөйрөдөн, Борбор Азия чөлкөмүндөгү Паргана өрөөнүн туракташкан кыргыздардан башка да элдердин көөнө, бир мезгилде өнүккөн маданий очок катары аты тарыхта калган Кожент, Самаркан, Ташкен, Хива шаарларында маданияттын санжыргалуу үлгүлөрү менен тааныш болуп өсүшү, улуу колбашчы, жаангер, эмир Аксак Темир сыяктуу эл баштап, бийик максатка умтулгандардын жайын угуп өскөнү да мааниге ээ болду. Маданияттын материалдуу мындай байыркы үлгүлөрүнүн бирин акын баш каармандын көзү менен карап төмөндөгүчө белгилейт:

«Самаркан шаар экен санжыргалуу,
Көз карап коздугун жан жыргады.
Көз тойбос бүт эстелик туш-туш жагы,
Көп экен колдон бүткөн укмуштары,
Көңүлүн бир көрсө эле кандырбады.
Күмбөзү Тамерландын жаркып турат,
Асмандай дайым көгүш тартып турат.
Жашарып эстеликтер ар кай жерде,
Усталар акыл менен салган жерде,
Көрктөнүп, бир-биринен артып турат»[ii].

Ошондой эле бул: «Атактуу көп акындар сырдашкан, акылдуу терең ойлуу ыр жазган шаарларда» Ысак «адамдын кутман келечегин ойлогон» тарыхта аты калган чыгыштын залкар ойчулдары, акындары Улукбек, Омар Хайям, Фирдоуси, Низами, Рудаки, Хафиз, Саади, Навои, Руми, Мукими, Фуркат, Балхи, Бедил, Мактымкулу, Зелили ж.б. жөнүндө угуп, чыгыштын көркөм өнөрүнүн берметтерине айланган алардын атактуу чыгармалары, чыгармачылыктын салттары менен тааныша өстү. Темерлан сыяктуу тарыхый инсандардын өмүр жолу Ысакты максат коюп, улам алга көшөөрө умтулууга шыктандырды. Анын бул мүнөзү чөлкөмдө алган билими менен гана чектелип калбай, билимин өркүндөтүүгө Москвадагы пландоо институтуна жетеледи.

Ошентип, Разаковдун Коросондон башталган тагдыр жолу билимге умтултуп Москва, Ленинград шаарларынын кеңдигине өтүп, орус элинин маданиятына, ал аркылуу «бөтөн тилдүү көптөр менен сырдашып» европалык, дүйнөлүк маданиятка сүңгүйт. Москвада окуп жүрүп, Ыскак Бетховен, Моцарт, Шопен, Шуман, Чайковский, Брамс, Глюк, Григ, Берлиоз, Мендольсондордун музыкаларын сүйүп,

кана укту. Балет өнөрүнүн кереметине тартылды. Атайын арзып Улановканын бийин көргөнү Ленинградга барып жүрдү. Кичи, Чоң театрлардын сахнасында мыкты актерлордун таамай, туура сөздөрүнө, Лемешевдин кооз үнүнө суктанып, өздөштүрүп, өзү орус тилинде сүйлөгөндө алардын чеберчилигин пайдаланды, өзүн-өзү машыктырды. Эрмитаждын музейлерин кыдырды. Пушкин, Чехов, Тургенев, Достоевский, Некрасов, Блокту орус тилинде окуп, Сергей Есениндин ырларындагы тереңдикти жактырды.

Ошентип, акын Чыгыш менен Батыштын маданиятынын айкашуусунда баш каармандын жан-дүйнөсүн байытты, билимин жогорулатып, адистигин арттырып туш-тараптан жетилдирди да, аны практикалык ишмердикте, иш жүзүндө колдонсун үчүн, Өзбекстанга, турмуш сыноосуна аттандырды. Бул сыноо оңой-олтоң эмес, Улуу Ата Мекендик согуш маалына туш келди. Ташкенттеги мезгил анын карапайым калктын кайгы азабын сезип, камын көрүп, адис, коомдук ишмер катары калыптануу жана топтон бөлүнүп чыгуу мезгили болгонун сүрөттөйт. Ташкент бул учурда, бир бүтүнгө айланган СССР өлкөсүнүн согуш алааматы каптаган батышынан келген ар кыл адис аалымдардын, Анна Ахматова, Якуб Колас сыяктуу таланттардын, маанилүү илимий мекемелер менен өнөр жай ишканалардын турагы катары эл чарбасынын, маданияттын очогу болуп турган. Көрүнүп тургандай адамдын, жетекчинин өмүр чыгармачылык жолунун динамикасы аны курчап турган чөйрө, тарыхый шарт менен детерминантташса, анын жан дүйнөсүнүн кеңдигин рухий жашоо, маданият аныктады.

Раззаковдун Кыргызстандагы ишмердиги инсан катары да, жетекчи, коомдук ишмер катары да калыптанып калгандан соң башталат. Акын романда инсандын тагдырында объективдүү шарттын субъектти аныктоочу ролуна басым жасап, аны каарманынын эне тилде сүйлөөсүндө өксүк аркылуу туюндурат. Андыктан, Раззаков өз эл-жериндеги алгачкы ишмердик кадамын өзүн-өзү сын көз менен кароодон, чет жакалай жүрүүдөн өксүгөн эне тилде сүйлөөдө кенемтесин жоюудан жана эл-жердин өзгөчөлүгүн өздөштүрүүдөн баштайт.

Тоолуу Нарын аймагынан, «Торгой сайрап көгүлтүр талаасында, Булбул сайрап көк токой арасында, топурагы өзгөчө касиеттүү» деп эсептелген Жумгал менен таанышканда Раззаков аймакка кошо кооз добуштуу Мыскал, нукура таланттар Калык, Мидин менен Муратбек, тоо кушундай татына Бүбүсайраны кошо тааныды[iii]. «Сексендеги кары да комуз чалып, Кемпири да келтирип добуш салган» элинин көбү «ыр менен ой ойлоп, ыр күүдөн ой ойгонгон» Нарын шаарында Арстанбек, Тоголок Молдону эскерди. «Күндүз күндөн ыймандуу нурун алып, Ай нуруна түндөсү чайканган жер, Көккө жакын, жайкалган жер Ат-Башыга»[iv] келгенде Ысак «ыр баркын сезген Казыбек» менен «атактуу Боогачыны» адамдар үчүн чен-өлчөм таризде алып, баалады[v].

Баласагындын баскан изи сиңип, «Эзелтен эл бийлеген кадырлуулар, Эңсеген эркиндикти сабырдуулар» чыккан «Керилген кенен Чүйдүн»[vi] Муратаалы, Абдылас, Сайрадай өнөрпоздору, Аалыке (А. Токомбаев), Алыкул баш болгон акындары менен мактанаарын билди. Жайыл, Жаманкара баатырлар[vii] менен башталган жер баянын угуп, «ушул келишимдүү керилген кең өзөн Чүйдү» чоочундардын ээлеп алууну көздөгөн өкүм-зордугунан жергиликтүү канча кыргыздын каны

төгүлгөнүнө, үркүндө канча биринин ач бел, куу жондо кыргынга тушукканына Ысактын каңырыгы түтөдү.

«Сезди Ысак Чүй азапты көп көргөнүн,

Башынан миң тозокту өткөргөнүн...

Угулду адамдардын чаңырыгы,

Кыпкызыл кыргын жылдын жаңырыгы.

Аларды аяп боору ачый түшүп,

Азыр да мууну бошоп жашый түшүп,

Ысактын түтөп турду каңырыгы»[viii].

Чүй жергесинин ооматы артып турган соңку заманда өткөнгө өкүт кылбай канчалаган кыргыз «орустун жоосун кошо жоолашканына»[ix], алардын катарында Дүйшөнкул Шопоковдун согуштагы, анын жары Керимбүбүнүн тылдагы эмгекте жараткан эрдиги менен[x] сыймыктанды.

Ушул сыяктуу эле Манас баатыр жердеген Талас жергесинде, айтылуу Алайда болгондо ар бир жердин жаратылыш чөйрөсүнүн башка эч жерде жолукпагандай байлыгы өзгөчөлүгү менен катар маданияттын асыл-нарктары өзүнчө системалаштырылып, легендарлуу жана реалдуу тарыхый ысымдардын феноменин ачты. Тарыхый процесстин жүрүшүндөгү Ажыбек даткадай, Курманжан даткадай инсандарга баа берди.

Ысактын Мекендин аймактары менен таанышуусу андагы элдин кулк-мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн таануусу, ар бир аймактын жаратылыш мейкиндиги менен рухий мейкиндигин параллель өздөштүрүүсү, системалаштыруусу аркылуу ишке ашты. Анын соңунда ар бир аймактын республиканын эконмикасын өстүрүүдөгү чарбалык маанисин белгиледи. Ар бир аймактын сыймыгына айланган уул-кызы аркылуу бүтүндөй кыргыз элинин дээриндеги рухий байлыкты, бийиктикти тааныды. Кыргыз элинин табиятындагы рухий умтулууга шайкешкен билим берүү багыттарын аныктады.

Ыскак Совет доорунда кыргыз маданиятын жаңы салтта өнүктүрүүдө салым кошушкан Аалы, Түгөлбай, Темиркул, Кубанычбек ж.б.чыгармачылыгына көз салып, чыгармачыл инсандарды өстүрүү жолун гана эмес, ар кандай саясий жалаа, куугунтуктоодон коргоо камын да көрө жүргөнүн: Барпыны борборго алдырып келип дарылатып, китебин чыгарганга каражат бөлгөнү, А. Токомбаевди саясий жалаадан кылаткалап, Москвага жөнөткөн мисалында, автор өнөр адамынын тагдыры менен жетекчинин тагдыры кантип байланышканын көрсөтөт. Бул кырдаалда коңшу казак эли Ауэзовду Москвага качырып сактап калганын баяндап, боордош башка элдер да мындай мүшкүлдү башынан кечиришкенинен кабар берет. Улуу «Манас» эпосу саясий кысымдын элегине түшүп, тегерегине кара туман айлана баштаганда боордош казак элдин улуу уулу, ошол эле М. Ауэзовдун «Манасты» билгичтик менен коргоп чыкканына Раззаков ыраазы болуп кубанганы, ошондой эле саясий капшапка илим жаатында адамдар тушукканда, мисалы, тарыхчы Кушбек Өсөнбаевге[xi] улутчул деп жарнак тагылганда өзү аны жактап, канат алдына сактагандыгы аркылуу жетекчинин улуттун кубанычында

сүйүнө, кайгысында күйгөнө билген адам болушунун маанисин ачты. Ысактын образын ачууда өнөр өрүшүн өстүрүүгө, өнөр адамдарын колдоого кам көргөнү, ал Буудайбек Сабыр уулу сыяктуу азаматтарга, элдик күүлөрдү жаздырып чогултууга шыктандырганы, натыйжада канча ыр, күүлөр жыйналып, элибиздин алтын казынасына түшкөнү сыяктуу деталдар колдонулган. Демек, өз өмүрүнө айкын-ачык багытты аныктап алган, дээринде таза Ыскак, бир көзү, бир көзүнө жоо, жалган жалаа чалмасына илингендерди курмандыкка аёсуз чалып турган чалкеш заманда да таза, ак бойдон чыга алган.

«Маданият майданында» деген атайын тема кыргызда байыртадан түптөлгөн элдик казнада «Манас» баштаган «Жаныш-Байыш», «Эр Төштүк», «Курманбек», «Эр Табылды» сыяктуу эпостордун көптүгү баш каарманды сыймыктантып, алар элди-жерди коргоочу эрлердин культун жаратканын, кыргыз элинде баатырдык өзүнчө асыл-нарк болуп саналаарына назарын түшүрөт. Аларды окуп Ысактын рухий дүйнөсү байып, «Ар кыл асыл эпосторду жараткан, Сыймыктанып чыккан түпкү тегине, Раззаков ыраазы болду элине»[xii]. Ушундай улуу, көөнөрбөс байлыкты жаратып, алып жүргөн манасчы Саякбай, Ыбрай, Кара Молдо, Мыскал, Асек, Бүбүсайра, Осмонкул, Алымкул, Ысмайыл ж.б. ар кыл өнөрпоздорго урматы артып, ар биринин кыргыз элинин көркөм казынасына кошкон салымын, ордун баалап түшүнгөндөн, маданияттын өзгөчө маанисине көңүл бурат.

Романда Раззаковдун тилге, сөзгө өзгөчө маани бергени, элди сөзү аркылуу өзүнө тарткан чечендиги, сөздүн жагдайына жараша абалдан чыга билген тапкычтыгы өзгөчө бааланган. Бул сөз өнөрүнүн аркасы (колхозчу-ударниктерди кабыл алгандагы тилмечтиги) менен Сталиндин назарына илинген[xiii], Хрущевдун оңтойсуздукка кептеген суроосуна тапкычтык менен жооп берип, абалдан чыккан эпизоддордо көрсөтүлөт.

«Башкалар кыргыз тилин үйрөнсүн деп,

Ушул тил көп жерлерде сүйлөнсүн деп,

Окулду ар тилдеги мектептерде[xiv]» - деп эне тилди окутууга, маани бергендигин баса белгилейт. Муну менен автор каарманынын гана образын байытып тим болбостон, сөз өнөрүнүн, тилдин кандай күчтүү курал экенин даңазалап, жетекчи кызматкерлердин бул кубаттуу куралга ээ болушу, эне тилди билүүсү, ага кам көрүшү бүгүнкү күндө да актуалдуулугун ишаараттайт.

Ошондой эле романда баш каармандын жеке өзүнө таандык атрибуттар зирек туюм, адамгерчилик, ишке тактыктык, жоопкерчиликтүүлүк экени, көздөгөн туруктуу багыттарынын бири элде илим-билимди өстүрүү, кесиптик даярдыкты күчөтүү болгондугу түрдүү эпизоддордо дааналанат.

Роман бир караганда каарманын бир түрдүү (жакшы) сыпаттар менен түспөлдөнгөн монохромия сыяктанган менен чынында Раззаков тууралуу эл оозунда аны билгендер тарабынан айтылып жүргөн аңыз кептерди, басма бетиндеги ар кандай айрым-айрым эскерүүлөрдү бир бүтүнгө бириктирип, унутулгус улуу иштерди жасап, өрнөктүү өмүр сүргөн инсандын көркөм чыгармадагы бараанын тикелеп берди.

Ы.Раззаковдун ишмердик деми улам артып, багыты бийиктиктерди мелжип бараткан тагдырынын эволюциясын, анын жан дүйнөсүн жабыркаткан соңку монотондуулукка кептеген кризис, жөндөн-жөн эле, же болбосо фаталисттер айткандай жазмыштын буюрганы эмес. Бул - баштапкы коммунисттик жаркын идеяларды реалдуу турмушта жүзөгө ашырууга жарамсыз, анын жүрүшүн солгундатып, акыры түбү дымып калууга кептеген, репрессиячыл адам эркиндигин баскан авторитаризмдин, андан соңку жарыгы жок алсыз жылымдоонун жана командалык, админстративдик–тоталитардык системанын кризисинин бир көрүнүшү. Демек, Ы.Раззаковдун тагдыры - кыргыз элинин доордон доорго өтүүсүнүн жана ал доордун коллизиялуу динамикасын өзүндө чагылдырган тагдыр.

С.Жусуевдин ыр менен жазылган «Раззаковдун тагдыры» романында каармандын тагдырынын объективдүү динамикасы мейкиндик менен мезгилдин тутумундагы тарыхый учур жана социалдык чөйрө менен шартталат. Ысак Раззаковдун өсүп жетилишине, советтик билим берүүнүн, ал системадагы адамдардын гуманизми, адам жана жетекчи катары калыптанышында, Борбор Азия чөлкөмүндөгү боордош элдердин маданияты менен орус маданияты айкаша негиз түзүп, бул элдердин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн таасири тийгени баяндалат. Романда бул процессти көрсөтүүдө автор ошол мейкиндик менен мезгилдеги материалдык баалуулуктар менен рухий баалуулуктар системасын каармандын образын ачууда кеңири пайдаланган. Романда Раззаковдун көзү өткөндөн соңку элдин ага көрсөткөн урмат-сыйы аркылуу, көрүнүктүү адамдын тагдыры карама-каршылыктуулугун, зымга тарткандай түз болбогонун жана ал өзү жашап өткөн эле мейкиндик-мезгил бөлүгү менен ченелбестигин, убакыттын андан соңку агымында адилет бааланып, барааны тактала берери көрсөтүлөт.

Бүтүндөй алганда С.Жусуевдин бул романы буга чейинки жараткан «Курманжан датка» романынын уландысы сыяктуу. Анткени, ал романда Курманжан датканын өмүр жолу аркылуу кыргыз элинин Х1Х жана ХХ кылымдардын тогошуусундагы Кокон хандыгынын кол астындагы жана падышалык Россиянын колониялык максатта өзүнө тартуу мезгилиндеги социалдык абалы чагылдырылган эле. Бул ирет акын кыргыздын дагы бир тарыхый инсаны, чыгаан уулу, көсөм жетекчи Ысак Раззаковдун тагдыр жолун көзөмөлгө алуу аркылуу андан соңку мезгилдеги коомдук турмушун сүрөттөйт. «Раззаковдун тагдыры» романы – кыргыз элинин тарыхында улуу бурулушту, бир доордон башка бир доорго өтүү - чачкын-барат, жарым-жартылай отурукташкан, феодалдык түзүлүштө көчмөн турмушун түп тамырынан бери саясий, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөргө алып келген марксизм-ленинизмдин идеологиясынын таасиринде индустриалдык-агрардык республика болуп идентификациялануу жана эгемендүү мамлекеттүүлүгүнө жетүү доорун чагылдырган эпопея.

Ошентип, акын «Курманжан датка» жана «Раззаковдун тагдыры» романдарында доордун динамикасы менен инсан тагдырынын диалектикасын көрсөттүп, кыргыз элинин тарыхындагы бүтүндөй бир, кокон хандыгынын жана орус падышачылыгынын өкүмчүлүгү алдындагы абалын жана андан соңку совет доорундагы өнүгүү доорун чагылдырып бере алган. Соңку романда кыргыз эли үчүн советтик доордун позитивдүү жактары көп экендигине карабай, көз карандылык шарттагы болмушун тарыхый инсан тагдыры аркылуу чагылдырган. Кыргыз Республикасынын саналуу Баатырларынын көч башылырынын бири болгон аксакал эл акыныбыз эми доор менен доор алмашуу мезгилинин оош-

кыйыштарын, эгемендүүлүк шартында кыргыздардын социалдык болмушун чагылдырган чыгармасын да жаратып берет го деген үмүттөбүз.

[i] Жусуев С. Разаковдун тагдыры. - Б., 2010. – 480 б. (Мындан кийинки шилтемелер да ушул китептен алынат).

[ii] Жогоркуда 50-б. [iii] 152-б., [iv]156-б., [v]161-б., [vi]164-184-бб., [vii] 182-183-бб., [viii] 176-б., [ix] 177-б., [x]177-178-бб., [xi] 241-242-бб., [xii] 188-б., [xiii] 189-б., [xiv]219-б.

---

[i] Жусуев С. Разаковдун тагдыры. - Б., 2010. – 480 б. (Мындан кийинки шилтемелер да ушул китептен алынат).

[ii] Жогоркуда 50-б.

[iii] 152-б.

[iv] 156-б.

[v] 161-б.

[vi] 164-184-бб.

[vii] 182-183-бб.

[viii] 176-б.

[ix] 177-б.

[x] 177-178-бб.

[xi] 241-242-бб.

[xii] 188-б.

[xiii] 189-б.

[xiv] 219-б.